---

**УДК: 373.2**

***Мамбетова Ж.***

*Мамбетова Жаркынай – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ОКУУЧУЛАРГА ЭСЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАР

# ПРИОРИТЕТНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ В ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ УЧАЩИХСЯ

# PRIORITY FIELDS IN AESTHETIC EDUCATION STUDENTS

***Аннотация.*** *Макала жалпы билим берүүчү мектептердеги окуучуларынын жашоосундагы көркөм сүрөт сабактарынын ролун изилдөөгө арналган. Автор мектеп окуучуларын эстетикалык тарбиялоонун артыкчылыктуу багыттарынын арасында алардын руханий маданиятын, чыгармачыл, эмгекчил инсанын калыптандырууга; инсандын жогорку көркөм-эстетикалык билимдүүлүгүн камсыз кылууга; жеке жөндөмдүүлүктөрүн жана таланттарын өнүктүрүүгө, өзүн-өзү ишке ашырууга шарт түзүүгө басым жасаларын белгилеген. Ошондой эле макалада көрсөтүлгөн билим берүү максаттарына ылайык заманбап атамекендик педагогикада көркөм сүрөт искусствосу менен машыгуу жаңы мааниге ээ болоору аныкталган.*

***Аннотация.*** *Статья посвящена исследованию роли занятий изобразительным искусством в жизни учащихся общеобразовательных школ. Автором отмечено, что среди приоритетных направлений воспитания школьников акцентируется внимание на формировании их духовной культуры, творческой, трудолюбивой личности; обеспечении высокой художественно-эстетической образованности личности; развитии индивидуальных способностей и талантов, создании условий для самореализации. Также в статье определено, что согласно указанным образовательным целям в современной отечественной педагогике занятия изобразительным искусством приобретают новую значимую роль.*

***Abstract.*** *The article is devoted to the study of the role of visual arts in the life of students of general education schools. The author noted that among the priority areas of education of schoolchildren, attention is focused on the formation of their spiritual culture, creative, hardworking personality; ensuring high artistic*

*and aesthetic education of a person; development of individual abilities and talents, creation of conditions for self-realization. It is also determined in the article that, according to the specified educational goals, in modern domestic pedagogy, fine arts classes acquire a new significant role.*
***Ачкыч сөздөр:*** *эстетикалык тарбия, визуалдык искусство, маданият, адеп-ахлак, эстетикалык сапаттар, чыгармачылык муктаждыктар.*
***Ключевые слова:*** *эстетическое воспитание, изобразительное искусство, культура, мораль, эстетические качества, творческие потребности.*
***Key words:*** *aesthetic education, visual arts, culture, morality, aesthetic qualities, creative needs.*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги кабыл алган концепцияда[1]: «Улуттук маданият, көөнөрбөс өнөр аркылуу жаштарга ар тараптан эстетикалык тарбия берүүгө; адамзат коомундагы маанилүү мурастарды үйрөнүүгө тарбиялоого» өзгөчө көңүл бөлүнгөн.

Адамзаттын эстетикалык маданиятын калыптандыруунун негизи эстетикалык тарбия, билим берүүдөн башталат. Эстетикалык тарбия адамдарга тиешелүү иш-аракеттердин сулуулугун, кооздугун, тазалыгын даңазалайт. Туулганда табигый эмес, улам өскөн сайын пайда боло турган сапаттардын баары тарбия аркылуу келет. Инсандын эстетикалык маданиятын калыптандыруу анын бүткүл өмүрүн камтыйт.

Инсанды калыптандырууда жетектөөчү роль мугалимдерге таандык, анткени ал баланын руханий билимдүүлүгүнүн, маданиятынын жана эстетикалык тажрыйбасынын фундаменталдык негиздерин түптөйт. Коомдун өнүгүүсүнүн заманбап шарттарында орто мектептер маалыматташтыруу жана реформалоо, чыгармачыл жана оригиналдуу инсанды өнүктүрүүгө багытталган билим берүүнүн баалуулугун жана негизги максатын кайра карап чыгууга мажбур. Ошентип, актуалдуу болгон жалпы билим берүүчү мектепте балдардын көркөм сүрөт искусствосунун ролун изилдөө болуп саналат.

Башталгыч мектепте балдарды окутуунун педагогикалык практикасында сүрөт искусствосу образдуу көркөм өнөрдү элестетүү, ассоциативдик эс тутум саналат. Адамдык сезимдердин чөйрөсүнө ал баланын ички дүйнөсүнө белгилүү деңгээлде таасир этет, өзүнө тартып турат. Аны курчап турган жашоого багыт алууга тарбиялайт, сулууга кабылдоочулукту ойготот. Идеялар жана сезимдер үчүн байланыш, ар кандай маданияттар үчүн жалпы тил болуу менен, ал билимдин башка тармактарын гумандаштырат, чыгармачылыкты стимулдайт, жашоону байытат.

Башталгыч класстардын мугалиминин компетенттүүлүгү көркөм сүрөт искусствосу боюнча жана ар кандай жөндөмдөр жаатындагы күчтүү билим тутумунун болушун болжолдойт: окуучулардын көркөм сүрөт искусствосунун чыгармаларын эстетикалык кабылдоосун камсыз кылуу, анын түрлөрү жана жанрлары жөнүндө образдуу баяндоо, кенже окуучуларды көркөм образдар дүйнөсүнө чөмүлтүү, балдардын көркөм чыгармачылыгын уюштуруу [3]. Көркөм жана декоративдик искусствонун башка түрлөрүнүн катарында социалдык жана инсандык өнүгүү маселелерин чечүүдө уникалдуу болуп саналат. Сүрөттөө, баалоо, жаратууну үйрөнүү менен, инсан биринчи кезекте руханий жактан өнүгөт.

Жогорку мектептеги эстетикалык тарбиянын жалпы максаты - болочок кесип ээлеринин эстетикалык маданиятын калыптандыруу жана чыгармачылык аракетин өстүрүү деп каралат. Алардын эмгекке, билимге, табиятка, өнөргө, болгон эстетикалык көз карашын өстүрүп, скульптура өнөрүнүн жардамы менен инсандын чыгармачылык күч-аракетинин калыптануусуна таасир этүү болуп саналат.

Жаштардын эстетикалык маданиятын калыптандыруу процессинин милдетин ишке ашыруу үчүн ага таасир эте турган тарбиянын каражаттары, формалары, ыкмалары туура аныкталууга тийиш. Мисалы, инсандын калыптанган эстетикалык маданиятынын мазмунунун негизги көрүнүштөрүн карап көрөлүк. Алар: сезим менен баалана турган эстетикалык аң-сезим же анын жоктугу, кабыл алуу, баалоо, табит, идеал, көз караштар менен белгиленген формалардын өнүгүү деңгээли; чыгармачылык эстетикалык жана көркөм образдык ойлоо даражасынын деңгээли; эстетикалык объектилерди сүрөттөө, тандоо, баалоо, тегерегиндеги адамдар менен эстетикалык карым-катнашта болуусунан жана эң башкысы, ишти чыгармачылыктын ар түрдүү формаларында аткара алган чечкиндүүлүгүнөн ж.б. байкалат.

Ушул максатта, көркөм сүрөт искусствосу аркылуу жогорку билимдүү мугалимдерди тарбиялоого өзгөчө методдор менен окутуу, тагыраак айтканда жогорку педагогикалык окуу жайларынын окуучулардын скульптура сабагында мейкиндикте ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү педагогикалык процесстеги абдан актуалдуу иштердин бири.

Заманбап жалпы билим берүү системасында мектеп окуучуларын эстетикалык тарбиялоонун негизги багыттары төмөнкүлөр болуп саналат[2]:

• эстетикалык кругозорлорду кеңейтүү;
• адеп-ахлактык жана эстетикалык сапаттарды калыптандыруу;

• коомдук рухту жана адеп-ахлактык баалуулуктарды кабыл алуу үчүн зарыл болгон эстетикалык мамилелерди өнүктүрүү;

• чыгармачылык муктаждыктарды жана эстетикалык кызыкчылыктарды тарбиялоо;

• искусствону окутуу билим берүү жана аны теория менен практикада чагылдыруу;

• эстетикалык өзүн-өзү тарбиялоо, инсандын өзүн-өзү көрсөтүүдөгү муктаждыктарын калыптандыруу;

• баалуулуктардын маданий жана практикалык системаларын калыптандыруу;

• келечектеги кесиптик ишмердүүлүктө чыгармачылыкты активдештирүү.

Мектептеги сүрөт сабагы балдарга эстетикалык тарбия берүүнүн бирден бир зарыл каражаты. Мугалим биринчиден, окуучулардын көңүлүн дептерлеринин тышын кооздоп жазып, таза жана тыкан тутууга бурат. Дептерди булгоого, сүрөттөр орунсуз жайгаштырылып, барактарын ысырап пайдаланууга жол бербөөнү талап кылат. Сүрөтчүлүк өнөр балдардын коомдук иштери менен да тыгыз байланышта. Ошол эле учурда окуучунун эстетикалык табитин туура калыптандыруу үчүн жаратылыш менен татуу мамиледе болуусуна шарт түзүү керек, Окуучулар табият көрүнүштөрүн өз көздөрү менен көрүп, аларга таасирленип, анан көз караштарындагы өзүнчөлүк сезилет. Эң жөнөкөй боз үйдү эле айталы, аны канча бала тартса, ошончо айырмачылык байкалат[4]. Шыктын, талanттын индивидуализми деген ошол.

Демек, инсандын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн активдештирүү процессине максаттуу таасир этүү көркөм маданияттын башкы милдети болуп саналат. Сүрөт өнөрү боюнча ийримдерге катышуу өспүрүмдүн сүрөткерликке, оймо-чиймеге, прикладдык искусствого болгон шык, жөндөмүн өнүктүрөт. Ошондой эле, музыка жана сүрөт сабактары жаш адамдын ар тараптан гармониялуу өркүндөп жетилүүсүнө чоң өбөлгө түзөт.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030- жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы. https://edu.gov.kg/media/files/3ae0adc0-2c9b-4014-9ee5-af90ce612959.pdf

2. Аманкулова, Ж. Эстетикалык тарбия-инсандын ар тараптан өнүгүүсүнүн негизги шарты катары / Ж. Аманкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2022. – No. 2(110). – P. 32-42. – EDN DQDZNM.

3. Ткачук А.А., Ушнурцева Н.Н. Поликультурное воспитаниесредствами изобразительного искусства в начальной школе // Начальная школа плюс До и После. 2013. № 5. С. 59-62.

4. Кадырова, Т. Окуучуларга эстетикалык тарбия берүүдө кыргыз элинин улуттук көркөм өнөрүнүн ролу / Т. Кадырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – No. 6. – P. 225-228.